КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезексиз
8-сессиясынын
ТОКТОМУ № 5-8-1

2021-жыл 20-октябрь Кызыл-Жылдыз айылы

**Кызыл-Жылдыз айыл өкмөтүнө бөлүнгөн кошумча акча каражатты максаттуу пайдалануу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Республикалык муниципалдык кызмат жөнүндөгү мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексине ылайык пайдалануу максатында Кызыл-Жылдыз айылдык кеңеши,**токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигинин Республикалык бюджетинен бөлүнгөн кошумча 370 000 (үч жүз жетимиш) миң сом каражат төмөндөгүдөй бөлүштүрүлсүн.

2.2021-2022-жылдардын күз-кыш мезгилдерине карата күйүүчү көмүр отунун алуу үчүн К.Акиев атындагы орто мектепке, «Байчечекей-Жумгал» бала бакчасына, айыл өкмөтү мекемесине 2224-беренесине которулуп берилсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын жана бөлүнгөн каражаттын мыйзамдуу пайдаланышын көзөмөлгө алуу жагы Дуйшенбек уулу Амантурга милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Жолдошбек уулу Жоодар**